DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Каранова Т.Н.*

# ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ АТУУЛДУККА ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

*Каранова Т.Н.*

# ПУТИ ВОСПИТАНИЯ ГРАЖДАНСТВЕННОСТИ ЧЕРЕЗ ТВОРЧЕСТВО НАРОДНЫХ ПЕВЦОВ

*T. Karanova*

# THE WAYS OF EDUCATING CITIZENSHIP THROUGH THE CREATIVITY OF FOLK SINGERS

*УДК: 811.161.1:512.122.4*

*Бул макалада эл ырчыларынын чыгармачылыгы аркылуу окуучуларды атуулдукка тарбиялоонун жолдору анализге алынды. Бүгүнкү мектеп практикасында окуучуларды элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрү менен сугаруу, атуулдук сезимин калыптандыруу ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Окуучуларды атуулдукка тарбиялоодо эл ырчыларынын аткарган кызматы өтө чоң, анткени алардын терең философиялуу ыр саптары ар бир өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо өзүнүн нарктуулугун жоготпой келет. Эл ырчыларынын чыгармалары, биринчиден, элдик мурастар катары маанилүү болсо, экинчиден, андай көркөм асылдуулуктар таалим-тарбиялык насааттарды түздөн-түз айткандыгы менен баалуу. Демек, андай чыгармаларда элдин кылымдардан бери келе жаткан элдик педагогикалык ойлору азыркы күндүн талабына, өзгөчөлүктөрүнө ылайык ишке ашырылган. Терең философияны камтыган сөз берметтери канча кылым карытса да, өз мазмунун жоготпостон, тарых беттеринде сактала бермекчи.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик, оозеки, чыгармачылык, педагогика, ырчылары, акындар, поэзиясы, атуул, окутуу, методикасы.*

*В этой статье были проанализированы пути воспитания гражданственности у учащихся посредством творчества народных певцов. Наш священный долг – привить чувство гражданственности в сегодняшней школьной практике, привить учащимся лучшие образцы народной педагогики. Роль народных певцов в воспитании гражданственности велика, потому что философские стихи не теряют свою ценности в воспитании молодого поколения. Произведения народных певцов важно, во-первых, как народное наследие, а во-вторых, они ценны тем, что в них прямо высказаны поучительные советы. Поэтому в таких произведениях воплощены педагогические идеи народа, которые существуют веками в соответсвии с требованиями и особенностями современного мира. Жемчужины слова, в которых заложена глубокая философия, веками останутся на страницах истории, не теряя своего значения.*

***Ключевые слова:*** *устное, народное, творчество, педагогика, певцы, поэзия, гражданство, методика, обучения, воспитание.*

*In this article, the ways of educating citizenship among students through the creativity of folk singers were analyzed. Our sacred duty is to instill a sense of citizenship in today's school practice, to instill in students the best examples of folk pedagogy. The role of folk singers in the education of citizenship is great, because philosophical poems do not lose their value in the education of the younger generation. The works of folk singers are important, firstly, as a folk heritage, and secondly, they are valuable because instructive advice is directly expressed in them. Therefore, such works embody the pedagogical ideas of the people, which have existed for centuries in accordance with the requirements and characteristics of the modern world. The pearls of the word, which contain a deep philosophy, will remain on the pages of history for centuries without losing their meaning.*

***Key words:*** *oral, folk, creativity, pedagogy, singers, poetry, citizenship, methodology, training, education.*

Кыргыз эли байыртадан сөз кадырын аздектеген, ата салтын урматтап сыйлаган, адабий көрөңгөсү бай, келечек урпактарына таалим тарбияга үндөгөн элдик мурастарды калтырып, алар бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой эл арасында муундан муунга өтүп жашап келүүдө. Бүгүнкү күндө техниканын өнүккөн мезгилинде өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо жогорудагы адабий казынабыздын тарбиялык мазмунун анализдеп аны сабактарда колдонуу мугалимдердин бирден бир негизги милдети деп эсептейбиз. Албетте, ар бир тарыхый доордун өзүнүн элдик мурасы болот эмеспи, ошол сыңары биз бүгүнкү ыймандык кризис жашоо шартында элдик адабий казынабыздан үлгү болорлук тааалим тарбия эрежелери менен жаштарды оозантып, аларды эли жерин сүйүүгө, адамгерчилик бийик сапаттарга тарбиялоого багыт алышыбыз зарыл.

Бүгүнкү күндө бизге белгисиз бир топ маалыматтар элдик оозеки чыгармачылыктын казынасын дагы да толуктап, жаңы табылгалар менен толукталып жатат.

Элдик оозеки чыгармачылыкты адабий теориялык жактан ошондой эле аны окутуунун методикасына салым кошкон окумуштуулар: М. Богданова, Ж.Таштемиров, К. Асаналиев, Р.З. Кыдырбаева, С.К. Рысбаев, И.Ч. Исамидинов, А.Ж. Муратов, А.Турдугулов ж.б. атоого болот.

Албетте, биздин негизги милдеттерибиздин бири, бүгүнкү күндөгү технологиянын өнүккөн мейкининде эл ырчыларынын чыгармачылыгы аркылуу биз окуучуларды канткенде өз элинин мыкты атуулдук сапаттарын камтыган жаштарды тарбиялайбыз? – деген сыяктуу суроонун үстүндө болмокчу.

Эл ырчыларынын чыгармачылыгында дагы да изилдөөгө муктаж жактар көп, алардын чыгармачылыгында өз Мекенин, элин сүйүү, патриоттуулук идеясы эли – журтка жардам берүү, аларды колдоо, элдердин ортосундагы достукту, ынтымакты даңаза-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

лоо бекем орун алган. Башкача айтканда, эл ырчыларынын чыгармачылыгында атуулдукка тарбиялоо идеясы кеңири чагылдырылып, ал бүгүнкү күндө да таалим тарбиялык мазмунун жоготпостон, келечек муунду тарбиялоо функциясын аткарып келе жатат.

Кыргыздын белгилүү төкмө ырчылары болгон Токтогул Сатылгановдун, Жеңижоктун, Барпынын лирикаларында адамдык жашоонун, өмүрдүн, турмуштун закон ченем мыйзамдары, өмүрдүн кыскалыгы, жаштык менен карылыктын, теңсиз замандын оош кыйыштары, улуттун өз табиятына тиешелүү айкөлдүгү, акылмандуулугу, калыс адилет, чынчыл мүнөзү, ынтымактык биримдик, баатырдык мүнөздү камтыган ырларын кездештирүүгө болот.

Ырчылар чыгармачылыгында жаштарды Ата Мекенин көздүн карегиндей сактоого, өз элинин мыкты атуулу болууга үндөгөн акыл насаат үлгүсүндөгү ырларды кездештирүүгө болот.

Мисалга алсак: Токтогулдун «Жаштарга» деген ырын мисал катары көрсөтүү менен өсүп келе жаткан жаш муундарды атуулдук сапаттарга тарбиялаган төмөндөгүдөй ыр саптарын берип өтөт.

«Жаш кезинде кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе.
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Бет алган жоодон качпастан,
Ишеничин актагын» [5, 45].

Мугалим жогорудагы эл ырчылардын чыгармачылыгын окутууда бир топ ыкмаларды колдонууга болот. Токтогулдун күүлөрүн угузуу, анын насат формасындагы ырларын төкмө акындардын аткаруусунда тааныштыруу, о.э. жаңы инновациялык методдор менен сабакты өтүү, окуучулардын бир топ кызыгууларын жаратат.

Токтогулдун «Насыят» деген ырында:

«Дениң соодо эринбей
Бекерликке берилбей
Эркиң менен жумуш кыл,
Эринчээк жалкоо дедирбей» [5, 32] - деп, жаш муундарды кичинекей кезинен эмгекке үндөп, ак эмгек менен жан багууга чакырат.

Токтогул ушул ырында, бирде:

Берекеси жок болот,
Бекеринен мал тапкан [5, 33] - деп насаат айтса, бирде:

Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө, [5, 20] - деп, адам ариетин сактап, анын нарк-насилин бийик көтөрөт.

Ошондой эле, терең философиялуу сөздөрү «Санат» деген дидактикалык ырында:

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың,
Агайыңды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?

же:

Тууганына батпаган,
Душманына жалынат... [2, 18].

1. Эл ырчыларынын чыгармачылыгын мугалим окуучуларга окутууда төмөнкүдөй иш аракеттерди колдонууга болот.

Токтогул Сатылгановдун төмөнкү ырынан үзүндүнү мугалим окуучуларга көркөм окууга тапшырма берет жана анын өзөгүндөгү атуулдук тарбияга талдоо жүргүзөт.

Күчүң барда иштеп көн.
Күлүп, жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап, жер жибит.
Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай.
Өзүн өзү асырайт,
Уурулукка малынбай [5, 38].

**Иш кадамдары:**

**1.** Жалпы класс 3 топко бөлүнөт.

Ар бир топко өз өзүнчө тапшырмалар берилет.

1-топ «Эр жигиттин белгиси кайраттуу болот жалындап» бул боюнча класстер аркылуу ойлорун флипчартка маркер менен жазышат.

1. **Мисалы:**



DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**1-сүрөт**. Жогорудагы ыр саптары боюнча кластер түзүү.

2-топ: Агайыңды жаман деп,

Тууганды кайдан табасың? - деген тема боюнча эссе жазышат.

3-топ: Акындын насаат үлгүсүндөгү ырларын обондуу аткарып беришет.

Аткарылган иштер жалпыга көрсөтүлөт.

2. Ар бир топ өзүнө бөлүнгөн тапшырмалар боюнча презентация жасашат.

**Окуучулардын билимин баалоо:** Окуучулар өздөрүн өздөрү баалашат.

*Таблица 1*

**Эл ырчыларынын атуулдук лирикалары**

| | |
|---|---|
| Барпы Алыкулов | «Жигиттик», «Жакшы кыз», «Ынтымактуу эл», «Баатырдык», «Эр жигитке сын», «Адамзаттын балдары». |
| Жеңижок | «Айтамын санат тобуна», «Балдарга насаат», «Аалам», «Жаштык», «Тоо», «Балалык», «Үй бүлө». |
| Токтогул Сатылганов | «Дүнүйө», «Замана», «Карылык», «Арман кербез», «Беш каман», «Эр жигиттин белгиси». |

Мектеп программасында биз сөз кылып жаткан Барпынын, Токтогулдун, Жеңижоктун чыгармачылыгын окутууда сынчыл ойлом, кластер, Венндин диаграммасын ж.б. бир топ ыкмаларды колдонуу аркылуу теманы өздөштүрүүдө өз жардамын берет.

Өтүлгөн тема боюнча окуучулардын канчалык деңгээлде өздөштүргөнүн мугалим суроо-жооп менен текшерет жана байкоо жүргүзөт.




Мында өзгөчө, Барпынын лирикаларында адамзат жашоосунун негизги өзөктүү философиялык ойлор менен катар, балдарды жүрүм-турум маданиятына тарбиялоо менен аларды киндик кан тамган ата конушун көздүн карегиндей сактоого, сүйүүгө, билимдүү болууга үндөйт, адамдык нарк насилге, адептик тазалыкка чакырат.

Демек акындын лирикаларына сарасеп салганыбызда, андагы атуулдук сезимге жетелеген идеяларды кездештирүү менен элди биримдикке, ынтымакка чакырган ыр саптарын кездештирүүгө болот.

Эли чогуу жыйылат
Ынтымагы жок элдин
Эли качып суюлат.
Ынтымагы бар элдин
Кары, жашы туюнат.
Ынтымагы жок элдин
Кара көзү оюлат.
Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ынтымагы жок элдин
Бириге-бири октолот
Адил болот улугу,
Ынтымагы жок элдин
Ичинен чыгат бузугу.
Катар конот айылы.
Ынтымагы жок элдин
Эч билинбейт дайыны [1, 21].

Ошондой эле Барпынын лирикаларында эр жигиттин ыйык милдети бул- Ата журтун көздүн карегиндей сактоо менен жигиттик мүнөз кандай болушу керек экендигин сыпаттап көрсөткөн төмөнкүдөй ыр саптарынан көрүүгө болот.

Акбараң мылтык асынып,
Жоодо ойносоң – жигиттик.
Адис мерген кептенип,
Зоодо ойносоң – жигиттик.
Ала барчын бүркүттү,
Салып жүрсөң – жигиттик.
Оттой болуп жалындап,
Жанып жүрсөң – жигиттик.
Өз тууганың жакының,
Колдоп жүрсөң – жигиттик [1, 65].

Эл ырчылары өз доорунун акылман ойчулу, агартуучусу болгон. Ошондуктан, ырчылар чыгармачылыгында адеп-ахлак, жүрүм-турум жөнүндө, өмүр, жашоо, адилеттик, жаман-жакшы, ак-кара жөнүндө түздөн-түз айтылган акыл-насаат ырлары кеңири өнүккөн.

Тоодон түшкөн ташка окшоп
Күүлөнгүлө, балдар ай.
Күндөн-күнгө чыңалып
Бүрдөгүлө, балдар ай.
Душманыңа сыр бербей,
Сурдангыла, балдар ай.
Ата турган мылтыкты
Маш кылгыла, балдар ай.
Душманды жерге киргизип,
Таш кылгыла, балдар ай.
Алды, артыңды ар дайым,
Эстегиле, балдар ай.
Орундатпай ишиңди,
Кетпегиле, балдар ай [1, 18].

Мугалим окуучуларды эл ырчыларынын чыгармачылыгы аркылуу атуулдукка тарбиялоодо төмөнкүдөй ыкмаларга көңүл буруусу кажет:

- эл ырчыларынын чыгармаларындагы атуулдук тарбия боюнча диспут, тегерек стол өткөрүү;
- эл ырчыларынын чыгармачылыгы боюнча эссе жаздыруу;
- эл ырчылары жашаган мезгилдеги адептик нормалар менен азыркы адептик, жүрүм-турум эрежелерин салыштыруу;
- ырлардан үзүндүлөрдү жаттоо ж.б.

Токтогул, Барпы, Жеңижоктун лирикаларын окутууда мугалим окуучуларды ыйман-адеп, атуулдук тарбияга үндөө менен аларды келечекте адамдык мыкты сапаттарга тарбиялоо, келечекте татыктуу атуул болушуна көңүл буруусу кажет. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда ата бабалар калтырган көрөңгөлүү адабий мурастарыбызды аздектеп, аны муундан муунга өткөрүү ар бирибиздин ыйык парзыбыз деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**

1. Болотбек Апилов (түзгөн) Барпы I том [Текст] / Б. Апилов. - Б.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1995. - 42-б.
2. Мурас [Текст] / Түз: Абдылдаев М. - Фрунзе: Кыргызстан, 1990. - 446-б.
3. Миңбаева К.Б. Идеи воспитания нравственности и мировоззрения через дидактическую поэзию Барпы Алыкулова [Текст] / Известия ВУЗов Кыргызстана 2019. №. С. 158-161.
4. Найманбаев М.Ж. Мектеп окуучуларына акыл жана адеп-ахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери (V-VII класстар) [Текст]: дис. ... пед. ил. канд: 13.00.01 / М.Ж. Найманбаев. – Бишкек, 2008. – 157-б.
5. Сатылганов Т. Насаат ырлар [Текст] / Т.Сатылганов. - Ф.: Кыргызстан, 1984. -130 б.
6. Эшиев А.М. Гуманистические идеи в творчестве певцов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2009. №. 8. - С. 225-227.
7. Каранова Т.Н. Жомоктор аркылуу окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө болочок мугалимдерди үйрөтүү жолдору. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 1. С. 291-293.